# КЫРГЫЗСТАН: ЖАШТАР ҮЧҮН ЭМГЕК РЫНОГУНДАГЫ АКТИВДҮҮ ЧАРАЛАР

Жумушчу кагаз

Автор: Айнура Уметова, 2025-ж.

# МАЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| 1 | КИРИШ СӨЗ | 3 |
| 2 | ЖАШТАР ҮЧҮН ЭМГЕК РЫНОГУНУН ОБЗОРУ | 3 |
| 3 | ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК СТРУКТУРА ЖАНА БАШКАРУУ | 9 |
| 4 | ЖАШТАР ҮЧҮН ЭМГЕК РЫНОГУНДАГЫ АКТИВДҮҮ ЧАРАЛАР | 13 |
| 5 | ЭМГЕК РЫНОГУНДАГЫ АКТИВДҮҮ ЧАРАЛАРДЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ ЖАНА ТААСИРИ | 17 |
| 6 | КӨЙГӨЛӨР ЖАНА КЕМЧИЛИКТЕР | 21 |
| 7 | ЖЫЙЫНТЫК | 23 |
| 8 | КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ | 25 |

# КИРИШ СӨЗ

Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсү туруктуу өсүш менен мүнөздөлөт. 2021-2024-жылдардын аралыгындагы орточо реалдуу экономикалык өсүш темпи 8,0% түздү. Инфляциянын 2021-жылдагы 11,2% деңгээли 2024-жылы 6,3% чейин төмөндөдү. Алдын ала эсептөөлөргө ылайык, 2024-жылдын январь-декабрь айларында ички дүң продукт (ИДП) 1,5 триллион сомдон ашыкты түзүп, 2023-жылдын январь-декабрына салыштырганда 9,0% өскөн[1].

Айыл чарбасы Кыргыз Республикасынын экономикасында маанилүү ролду ойнойт. 2021-жылдан 2024-жылга чейин айыл чарбасынын дүң продукциясы 22,0% өсүп, 324,5 млрд сомдон 395,6 млрд сомго чейин көбөйгөн. Буга мал чарбасы эң чоң салым кошуп, өсүш 32,9% түзгөн[2].

2021-жылдан 2024-жылга чейин өнөр жай өндүрүшү 1,6 эсеге өсүп, 370,5 млрд сомдон 585,3 млрд сомго көбөйгөн. Бул тармактын негизин өндүрүш, тамак-аш жана жеңил өнөр жай, ошондой эле курулуш материалдарын өндүрүү түзөт[3].

Соода, транспорт жана туризмди камтыган тейлөө тармагы экономиканын маанилүү компоненти болуп саналат. Туризм тармагы өнүгүү боюнча жогорку потенциалга ээ. 2024-жылы Кыргыз Республикасынын чек арасынан өткөн чет элдик жарандардын саны 8,6 млн адамды түзгөн. 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгилде туризм тармагындагы дүң кошумча нарк 28,0 млрд сомдон 58,2 млрд сомго чейин өскөн[4].

Экспорттун олуттуу үлүшүн түзгөн тоо-кен өнөр жайы экономикада маанилүү ролду ойнойт. Кыргызстанда курулуш тармагынын тездик менен өнүгүүсү байкалууда. Курулуштун өлкөнүн ИДПсындагы үлүшү 2021-жылдагы 7,1% салыштырганда 2024-жылы 8,3% чейин өстү[5]. Маалыматтык технологиялар да айрыкча шаарларда өнүгүп жатат, бирок санариптештирүүнүн жана техникалык инфраструктуранын жалпы деңгээли ири масштабдуу өсүш үчүн дагы эле жетишсиз.

Экономикалык өсүш өндүрүш кубаттуулугун ишке киргизүү менен коштоло тургандыгын белгилей кетүү зарыл. «100 өнөр жай ишканасы» долбоорунун алкагында 2024-жылы экономиканын ар кайсы тармактарында 102 ишкана ачылып, жалпы инвестициянын көлөмү 800 млн АКШ долларына жетти да, 8,3 миңден ашык жумуш орундары түзүлдү. Жалпысынан 2024-жылы 263 миңден ашык жумуш орундары түзүлгөн. Ал эми 2025-жылы жалпы инвестициялык көлөмү 1,7 млрд АКШ долларынан ашкан 128 ишкананы ачуу пландаштырылган, анда болжол менен 13,9 миң жумуш орундары түзүлмөкчү[6].

Экономикалык өнүгүүнүн шартында мамлекеттин алдында өндүрүштү квалификациялуу жумушчу күчү, заманбап билимге жана технологияларга ээ болгон адистер менен камсыз кылуу милдети турат.

Бул отчет Кыргыз Республикасындагы жаштардын эмгек рыногунун учурдагы абалын сүрөттөөгө, эмгек рыногундагы активдүү чараларга байланышкан негизги көйгөйлөр менен кемчиликтерди аныктоого, ошондой эле абалды жакшыртуу боюнча сунуштарды түзүүгө арналат. Отчет негизинен кабинеттик изилдөөлөргө жана маектерге негизделген.

# ЖАШТАР ҮЧҮН ЭМГЕК РЫНОГУНУН ОБЗОРУ


Кыргыз Республикасындагы эмгек рыногунун көрсөткүчтөрү калктын жумуш менен камсыз болуусунун жана жумушсуздуктун абалын чагылдырат: 2024-жылы жумушчу күчү 2 860,7 миң

[1] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, https://stat.gov.kg/ru/
[2] Ушул эле жерде
[3] Ушул эле жерде
[4] Ушул эле жерде
[5] Ушул эле жерде
[6] 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы. https://www.gov.kg/files/news/froala/d0d92a4f1e52345a4e0bb0570f58b41290374e75.pdf

адамды түзгөн. Алардын ичинен 2 756,0 миң адам (96,3%) экономика тармагында иштеген. Ошентип, жалпы жумушсуздуктун деңгээли 3,7% түзүп, 104,7 миң адамга барабар болгон. Ошол эле учурда, калкты иш менен камсыз кылуу кызматында 50,9 миң адам же жумушчу күчүнүн 1,8% расмий түрдө жумушсуз катары катталган. Экономикалык активдүүлүктүн денгээли 71% түздү[7]. Бул көрсөткүчтөр эмгек рыногундагы жагдайдын салыштырмалуу туруктуу экендигин айгинелеп турат, анткен менен, рыноктун динамикасын жана кездешкен кыйынчылыктарды түшүнүү үчүн өлкөнүн демографиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү.

Кыргызстан - калкынын көпчүлүгүн жаштар түзгөн өлкө. Улуттук статистика комитетинин маалыматына таянсак, республиканын калкынын саны 2025-жылдын апрелине карата 7 млн 308,2 миң адамды түзгөн. Калктын үчтөн бир бөлүгү 14 жаштан 35 жашка чейинки адамдар (2-графикти караңыз).

***2-график. Калктын жаш курагы боюнча түзүмү** (апрель 2025)*




*Маалымат булагы: КР УСК*

Калктын демографиялык түзүмүндө жаштардын басымдуулук кылышы демографиялык дивиденд деп атала турган өлкөнүн стратегиялык ресурсун ишке ашыруу потенциалын ачат, мунун өзү экономиканын өсүшүнө көмөктөшө алат. Бирок буга жаштардын өз потенциалын ачуусу жана заманбап, суроо-талапка ээ болгон көндүмдөр менен компетенцияларга ээ болуусу үчүн шарттарды түзүүдө мамлекет активдүү роль ойногон жагдайда гана жетишүү мүмкүн. Демографиялык дивиденддeн максималдуу түрдө пайда алуу үчүн жаштарга сапаттуу билимди, кесиптик көндүмдөрдү жана эмгек рыногуна жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыздап берүү зарыл.

КР Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, жумушсуздуктун эң жогорку деңгээли 20-29 жаштагы жаштардын арасында байкалат, ал 42,5% түзөт[8]. Жаштардын кыйла бөлүгү NEET тобуна кирет, башкача айтканда, алар окуу менен да, жумуш менен да алектенишпейт же кесиптик окутууга да катышпайт. Баалоо көрсөткөндөй, 2023-жылы NEET тобундагы жаштарынын болжолдуу үлүшү 18,6% түзгөн[9], бул ири масштабдуу социалдык көйгөй бар экендигин айгинелеп турат.

Аялдардын арасындагы жумушсуздук олуттуу көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. 2023-жылы аялдардын иш менен камсыз болуу деңгээли 42,4% гана түзгөн, бул эркектердин ушул эле көрсөткүчүнөн (71%) дээрлик эки эсе төмөн. Аялдардын арасындагы жумушсуздук деңгээли

[7] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, «КЫРГЫЗСТАН ЦИФРАЛАРДА» статистикалык жыйнагы 2025-ж..
[8] Ушул эле жерде.
[9] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

5,2%, ал эми эркектердики 3,3% түзгөн. Белгилей кетүүчү нерсе, жаш аялдар эң аярлуу категориянын катарына кирет — бардык жаш куррактык топтордо эркектердин иш менен камсыз болуу деңгээли аялдардыкына караганда жогору.  15-35 жаш куррактык топтогу жалпы жумушсуздуктун деңгээли 8,8%[10] түздү. Кыздар арасындагы жумушсуздуктун жогорку деңгээли жана активдүүлүктүн өтө төмөн болушу бир катар структуралык жана социалдык факторлор менен шартталган. Негизги факторлорго никеге туруу жана эне болуудан улам билим алууну эрте эле таштап кетүү, ошондой эле жаш аялдар менен кыздардын диний көз карашты жолдоосунун өсүшү кирет, бул жагдай алардын кесиптик окутуу мүмкүнчүлүктөрүнө жетүүгө жана ага болгон кызыгуусуна таасирин тийгизет.

Андан тышкары, жаш аялдардын кыйла бөлүгү формалдык эмес сектордо иштешет, натыйжада алар социалдык кепилдиктерден жана туруктуу кирешеден ажырап калышат[11]. Иш берүүчүлөр көп учурда репродуктивдүү жаш курактагы аялдарды жумушка алышпайт. Ушундай тоскоолдуктар аялдардын кесиптик амбицияларын чектеп коет.

Формалдык эмес иш менен камсыз болуу Кыргызстандын экономикасында маанилүү ролду ойнойт: КР Улуттук статистика комитетинин расмий маалыматтарына ылайык, бардык иш менен камсыз болгондордун, айрыкча айыл чарбасы, соода, курулуш жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө иштегендердин болжол менен 66% бул секторго тартылган[12]. Мындай жумуш менен камсыз болуу расмий эмгек келишиминин, социалдык кепилдиктердин, камсыздандыруунун жана пенсиялык төгүмдөрдүн жоктугун билдирет.

Формалдык эмес эмгектин үлүшүнүн жогору болушуна расмий жумуш орундарынын чектелүү саны, институционалдык көзөмөлдүн начардыгы жана экономикада өзүн-өзү иш менен камсыз кылуунун жогорку деңгээли себеп болот. Бул жагдайда жаштар жана аялдар өзгөчө аярлуу, себеби алар үчүн формалдык эмес сектор көп учурларда киреше табуунун жалгыз булагы болуп калат. КР Улуттук статистика комитетинин маалыматы таянсак, 15-34 жаштагы жаштардын 44,5% расмий эмес сектордо иштейт, алардын 32,2% - жаш аялдар[13].

Ошентип, жаштар арасындагы жумушсуздук үй-бүлөлөр, аймактар үчүн көйгөй жараткан жана улуттук өнүгүүгө да таасирин тийгизүүчү олуттуу чакырык болуп саналат. Жаштар жумуш таба албай калган учурда, өздөрүнүн келечекке карата ишенимин, мотивациясын жана өнүгүүгө болгон умтулуусун жоготуп коюшат. Жаштардын чет өлкөлөргө, негизинен Россия жана Казакстан сыяктуу КМШ өлкөлөрүнө жумуш издөөсү миграциянын туруктуу өсүшүнө алып келип жатат. Бул өлкө ичинде жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүүлүгүнө жана өлкөдөгү кирешелердин төмөндүгүнө байланыштуу.

Дал ошол себептен Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги жаштарды иш менен камсыз кылууну өз ишмердигинин приоритеттик багыты катары белгиледи.

Статистикалык маалыматтарга ылайык, жаштардын экономиканын тармактары боюнча жумуш менен камсыз болушу төмөнкүдөй түзүмгө ээ: (1-таблицаны караңыз).

---

[10] Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер 2019-2023
[11] Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер 2019-2023
[12] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (2024), Калкты иш менен камсыз кылуу жана жумушсуздук, 2023-ж.
[13] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (2024), Калкты иш менен камсыз кылуу жана жумушсуздук, 2023-ж.

*1-таблица. Жаш курагы жана экономикалык ишмердиктин түрү боюнча негизги жумуштарда иштегендер (2023-жыл), миң адам, %*


| | Калктын жалпы саны | анын ичинде ... жаш курагы боюнча топтор, жаш | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 15-19 | 20-29 | 30-39 | 15-39 жаштагы жаштардын жалпы саны |
| **Бардыгы** | **2 656,2** | **76,9** | **598,9** | **763,4** | **1 439,2** |
| Айыл чарба, токой чарба жана балык чарба | 454,3 (17,1%) | 33,2 (43,2%) | 80,9 (13,5%) | 106,6 (14%) | 220,7 (15,3%) |
| Тоо-кен казып алуу | 15,7 | 0,0 | 1,4 | 5,6 | 7,0 |
| Иштеп чыгаруу өндүрүшү (иштеп чыгаруу өнөр жайы) | 290,1 (10,9%) | 7,6 (9,9%) | 64,3 (10,7%) | 91,9 (12%) | 163,8 (11,4%) |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 38,6 | 0,1 | 6,2 | 11,0 | 17,3 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү, кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 11,9 | 0,0 | 1,2 | 2,2 | 3,4 |
| Курулуш | 331,7 (12,5%) | 9,2 (12%) | 91,4 (15,3%) | 96,1 (12,6%) | 196,7 (13,7%) |
| Дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо | 419,3 (15,8%) | 11,5 (15%) | 111,2 (18,6%) | 125,9 (16,5%) | 248,6 (18,3%) |
| Транспорт ишмердүүлүгү жана жүктөрдү сактоо | 223,1 | 0,4 | 29,2 | 74,0 | 103,6 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердүүлүгү | 178,0 (6,7%) | 9,9 (12,9%) | 81,2 (13,6%) | 43,3 (5,7%) | 134,4 (9,3%) |
| Маалымат жана байланыш | 37,1 | 0,2 | 9,4 | 11,6 | 21,2 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 48,3 | 0,8 | 17,4 | 14,2 | 32,4 |
| Кыймылсыз мүлк менен жүргүзүлүүчү операциялар | 4,3 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Кесиптик жана илимий-техникалык ишмердүүлүк | 23,0 | 0,0 | 7,8 | 6,0 | 13,8 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 20,3 | 0,5 | 2,9 | 4,7 | 8,1 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоо | 109,9 | 1,8 | 18,5 | 42,6 | 62,9 |
| Билим берүү | 261,5 (9,8%) | 0,2 | 35,8 (6%) | 81,9 (10,7%) | 117,9 (8,2%) |
| Саламаттык сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 117,8 | 0,1 | 22,4 | 27,6 | 50,1 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 15,8 | 0,8 | 2,5 | 2,5 | 5,8 |
| Башка тейлөө иштери | 51,1 | 0,5 | 14,4 | 14,9 | 29,8 |
| Жеке менчик үй чарбалардын ишмердиги | 4,0 | 0,0 | 0,8 | 0,7 | 1,5 |
| Экстерриториалдык уюмдардын ишмердиги | 0,3 | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,1 |

*Маалымат булагы: КР УСК*

Жаштардын ишке тартылуусу басымдуулук кылган ЭҢ МЫКТЫ-6 тармак: дүң жана чекене соода - дээрлик 248,6 миң адам (18,3%), айыл чарбасы - 220,7 миң жаш адам (15,3%), курулуш - болжол менен 196,7 миң адам (13,7%), иштеп чыгуу өнөр жайы - 163,8 миң адам (11,4%), мейманканалардын жана ресторандардын ишмердүүлүгү - болжол менен 134 миң жаш адам, билим берүү - 117,9 миң адам (8,2%) (1-таблицаны караңыз).

Жаштардын өздөрүнүн пикирине ылайык, жаштарды иш менен камсыз кылуу үчүн эң келечектүү экономика тармактары IT (маалымат технологиялары), бизнес, мамлекеттик башкаруу жана билим берүү чөйрөлөрү болуп саналат (3-графикти караңыз).

### *3-график. Кыргыз Республикасында жаштарды иш менен камсыз кылуу үчүн келечектүү экономика тармактары (%)*




*Маалымат булагы: АНАЛИТИКАЛЫК ОТЧЕТ «Кыргыз Республикасындагы жаштардын эмгек рыногун изилдөө», 2025-ж.*

*Эскертүү: Сурамжылоонун алкагында жаштарга «Жаштарды жумушка орноштуруу боюнча эң келечектүү экономикалык тармактарды атагыла» деген суроо берилген. Анан жаштарга жумушка орношуу үчүн эң келечектүү багыттарды тандап алуу сунушталган.*

Бүгүнкү күндө жаштар жаңы технологиялар, санариптик платформалар жана IT тармагы сунуштаган мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп иштөөгө барган сайын кызыгып жатышат. Айрыкча, мындай жагдай ири компаниялар жана стартаптар бар шаарларда байкалат. Жаштар мамлекеттик системанын натыйжалуу иштөөсүнө ишенүүнү улантып жатканын дагы белгилей кетүү керек. Бул жаштардын мамлекеттик кызматта карьера курууга болгон кызыгуусу менен тастыкталат. Ага карабастан, тилекке каршы, илим жана маданият сыяктуу тармактар анчалык деле жаштардын көңүлүн өзүнө тарта бербейт. Аталган тармактар коомдун өнүгүшү жана улуттук иденттүүлүктүн калыптанышы үчүн маанилүү ролду ойнойт. Жаштардын бул тармактарга болгон кызыгуусунун жоголушу квалификациялуу адистердин тартыштыгына, илимий изилдөөлөрдүн басаңдоосуна жана өлкөнүн маданий жашоосунун төмөндөшүнө өбөлгө түзүшү мүмкүн.

Жаштардын кесип тандоо жаатында модалуу тенденцияларды ээрчүүгө умтулуусу эмгек рыногундагы дисбаланска алып келет. Натыйжада, айрым чөйрөлөр кадрлар менен ашыкча каныккан болот, ал эми экономика үчүн ошондой эле зор мааниге ээ болгон башка тармактарда квалификациялуу адистердин жана жумушчу күчүнүн жетишсиздиги келип чыгат. Мисал

келтирсек, быйыл Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети жаңы адистиктер боюнча бир дагы абитуриентти тарта алган жок. Жаңы билим берүү программалары Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн демилгеси менен ачылган да, региондо суроо-талапка ээ болгон туризм, мейманкана иши, агрономия, психология жана темир жол транспортунун ишин уюштуруу жана башкаруу сыяктуу адистиктерди камтыган болчу. Адистиктердин акыркысы, айрыкча, региондун экономикасы үчүн стратегиялык мааниге ээ болгон Кыргызстан-Өзбекстан-Кытай темир жол курулуш долбоору үчүн кадрларды даярдоо контексти менен байланыштырганда актуалдуу болуп эсептелмекчи[14].

Жаш адистердин жана окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн көндүмдөрүнүн заманбап эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келбестиги жаштарды эмгек рыногуна интеграциялоодогу негизги көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет. Иш берүүчүлөр көпчүлүгү жумуш издеген жаштар арасында практикалык көндүмдөрдүн, жумшак көндүмдөрдүн, санариптик сабаттуулуктун жана кесиптик даярдыктын жетишсиз экендигин белгилеп жатышат. Ошол эле учурда, жогорку сапаттагы кесиптик окутууга жана заманбап билим берүү программаларына жетүү мүмкүнчүлүгү, айрыкча өлкө калкынын көпчүлүгү топтолгон айыл жерлеринде чектелүү бойдон калууда[15].

Мындан тышкары, аз акы төлөнүүчү жумуш жаштардын өздөрүнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн жетиштүү киреше табуусуна мүмкүндүк бере албайт, себеби тапкан кирешесинин кыйла бөлүгү алардын биринчи иреттеги муктаждыктарын канааттандырууга жумшалат. Натыйжада, жогоруда белгиленип өткөндөй, жаштардын олуттуу бөлүгү жумуш жана татыктуу эмгек акы издөө максатында миграцияга чыгышат.

Анын үстүнө жумуш орундарынын жетишсиздиги, ошондой эле региондордогу инфраструктуранын жана бизнестин начар өнүгүшү кырдаалды ого бетер курчутуп, жаштар арасында жогорку социалдык тобокелдиктерге жана экономикалык жактан коргоонун начарлашына алып келүүдө.

Жалпысынан алганда, жаштардын жумуш менен камсыз болуусуна байланышкан көйгөйлөрүн төмөнкүдөй жолдо топтоштурууга болот:

- Эмгек рыногунун талаптарына көндүмдөрдүн шайкеш келбестиги. Билим берүү системасы жаштарга эмгек рыногунда суроо-талапка жооп бере алгыдай зарыл болгон практикалык көндүмдөрдү жана компетенцияларды дайыма эле окутуп-үйрөтө бербейт.
- Кесиптик тажрыйбанын жетишсиздиги. Иш берүүчүлөр тажрыйбасы бар талапкерлерге артыкчылык беришет, натыйжада бул жагдай жаштардын жумушка орношуусун кыйындатат.
- Расмий эмес жумуш менен камсыз болуу. Көптөгөн жаштар формалдык эмес сектордо иштөөгө аргасыз болушат, мындан улам алардын социалдык кепилдиктерге жетүү жана карьералык өсүү жаатындагы мүмкүнчүлүктөрү чектелет.
- Жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу. Айрыкча айыл жергесинде туруктуу жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү чектелүү, ошондон улам жаштар жакшы жашоо жана иштөө шарттарын издеп, миграцияга чыгууга дуушарланат.
- Эмгек акынын төмөн болушу. Жаш адистер көп учурда, айрыкча карьерасынын башталышында эмгек акы төмөн болгон жагдайга туш болушат, мунун өзү жаштардын жумуш табууга болгон мотивациясын төмөндөтөт.
- Карьералык өсүү жаатындагы мүмкүнчүлүктөрдүн чектелүүлүгү. Кесиптик өнүгүүгө карата стимулдун жоктугу жаштардын миграцияга болгон каалоосун күчөтөт.
- Гендердик айырмачылыктар. Аялдар эмгек рыногунда кошумча тоскоолдуктарга, анын ичинде басмырлоого, эмгек акы боюнча айырмачылыктарга жана кесиптик өсүү мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендигине дуушар болушат.

[14] Жалал-Абадда жаңы адистиктерге бир да абитуриент документ тапшырган жок. https://report.kg/obrazovanie/52762-v-zhalal-abade-na-novye-specialnosti-ne-podal-dokumenty-ni-odin-abiturient.html
[15] Автордун калкты иш менен камсыз кылуу, эмгек рыногун өнүктүрүү тармагындагы эксперттер менен жүргүзүлгөн талкуулардын, ошондой эле билим берүү системасындагы жана эмгек рыногундагы учурдагы тенденцияларды талдоонун жыйынтыгына негизделген байкоосу.

- Регионалдык абалдын теңсиздиги жана бош жумуш орундардын жеткиликтүүлүгүнүн чектелиши - айрыкча жумуш орундарынын жана инфраструктуранын жетишсиздиги байкалган айыл жергесинде жана алыскы аймактарда мүмкүнчүлүктөрдүн чектелиши.
- Кесиптик багыт берүүнүн (профориентация) сапатына жана карьералык өсүш жолунда консультациялык коштоого байланышкан маселелер. Кесиптик багыт берүү жана карьералык өсүш жолунда консультациялык коштоо мүмкүнчүлүктөрү бара-бара кеңейип жатканына карабастан, дагы эле жумушка орношуу жана кесип тандоо багытында колдоо көрсөтүү жаатында жаштарга өз убагында берилген маалымат жетишсиз болууда.

# ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК СТРУКТУРА ЖАНА БАШКАРУУ

2023-жылдын август айында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Жаштар жөнүндө» мыйзамына ылайык, жаштар – бул 14 жаштан тартып, 35 жаш курагындагы жарандар.

**Жаштарды жумуш менен камсыз кылуу саясаты үчүн жооптуу болгон башкы мекемелер**

Кыргыз Республикасында жаштарды жумуш менен камсыз кылуу саясаты бир нече башкы мамлекеттик мекемелердин жана өнөктөштөрдүн катышуусу менен иштелип чыгат жана жүзөгө ашырылат. Негизги жооптуу орган - Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги. Ал мамлекеттик жаштар саясатын калыптандыруу жана ишке ашыруу, жаштардын экономикалык, интеллектуалдык жана руханий потенциалын реализациялоо/иш жүзүндө колдонуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү жаатындагы чараларды иштеп чыгуу үчүн жооптуу.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ) жаштарды жумуш менен камсыз кылуу үчүн зор мааниге ээ болгон улуттук жумуш менен камсыз кылуу стратегияларын жана программаларын координациялайт да, билим берүү системасы, эмгек рыногу жана жумуш издеген жаш талапкерлердин ортосундагы байланыштыруучу звено болуп саналат. Министрликтин ишмердүүлүгү жаштардын эмгек потенциалын реализациялоо/иш жүзүндө колдонуу үчүн шарттарды түзүүгө жана жаштар арасындагы жумушсуздуктун деңгээлин азайтууга багытталган.

ЭСКММдин түзүмүндө регионалдык жана жергиликтүү деңгээлдеги аймактык бөлүмдөр иш алып барат. Бул түзүмдөр жергиликтүү деңгээлде иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жаатында активдүү чараларды жүзөгө ашырууга түздөн-түз жооптуу. Алар аркылуу программаларды тандоо, жумушсуздарга колдоо көрсөтүү, иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенишүү жана кесиптик багыт берүү/профориентация жүргүзүү иштери аткарылат.

ЭСКММ эмгек рыногундагы активдүү чараларды каржылоо жана ишке ашыруу үчүн жооптуу. Каржылоо республикалык бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт, ал эми программаны ишке ашыруу министрликтин регионалдык жана жергиликтүү деңгээлдеги аймактык бөлүмдөрү аркылуу уюштурулат. Аталган бөлүмдөр кесиптик окутуу жана кесиптик багыт берүү/профориентация, коомдук жумуштар, өзүн-өзү иш менен камсыз кылууда колдоо көрсөтүү жана иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү сыяктуу чараларды практикалык түрдө жүзөгө ашыруу үчүн жооптуу. Министрлик административдик маалыматтарды колдонуунун негизинде активдүү чаралардын натыйжалуулугуна мониторинг жана баалоо жүргүзөт.

КР Улуттук статистика комитети иш менен камсыз кылуу, жумушсуздук жана жаңы жумуш орундары боюнча деталдуу эсеп жүргүзөт жана иш менен камсыз кылуу саясатын иштеп чыгуу үчүн негиз боло турган оперативдик маалыматтарды жарыялайт.

Мында Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги маанилүү ролду ойнойт, анын милдетине мектепке чейинки, башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү, баштапкы кесиптик билим берүү жаатындагы функциялар жүктөлгөн. Ал эми Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку

билим берүү жана инновациялар министрлиги илимий, илимий-техникалык жана инновациялык ишмердүүлүк, жогорку кесиптик билим берүү жаатындагы функцияларды аткарат.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы муниципалдык жана мамлекеттик кызмат үчүн кадрлар резервин түзүүдө чечүүчү ролду ойной турганын баса белгилөө керек. Буга мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын жаштардын көңүлүн өзүнө тартуусун (жагымдуулугун) жогорулатуу жана жаш адистердин карьералык өсүшү үчүн шарттарды түзүү кирет. Ошентип, 2024-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин «Мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка келечектүү жаштарды тартуу жөнүндө» Жарлыгынын долбоору иштелип чыккан.

Акыркы жылдары калкты, айрыкча жаштарды, аялдарды жана аярлуу топторду иш менен камсыз кылууну жогорулатуу жаатында алектенген бейөкмөт уюмдардын жана эл аралык донордук долбоорлордун ролу кеңейди. Алар инновациялык ыкмаларды ишке киргизүү жана кошумча ресурстарды камсыз кылуу аркылуу көбүнчө мамлекеттик органдар менен өнөктөштүктө иштешип жатышат. Бул иш инновациялык ыкмаларды ишке киргизип жана кошумча каржылоону камсыз кылуунун натыйжасында өкмөттүк демилгелерди толуктайт.

Эл аралык эмгек уюму (ЭЭУ) эмгек шарттарын жакшыртууга, жумушчулардын укуктарын коргоого жана эмгек потенциалын өнүктүрүүгө багытталган долбоорлорду ишке ашырат. ЭЭУ эмгек рыногундагы активдүү чараларды өзү түздөн-түз ишке ашырбайт, ага карабастан, анын ишмердүүлүгү мамлекеттин жана башка эл аралык өнөктөштөрдүн калкты иш менен камсыз кылуу жана социалдык коргоо жаатындагы аракеттерин толуктап турат.

Бириккен улуттар уюмунун Өнүктүрүү программасы (БУУӨП) социалдык ишкердик, аялдардын иш менен камсыз болушу жана өзүн-өзү иш менен камсыз кылуусу жаатында, айрыкча айыл жергесинде колдоо көрсөтөт.

Эл аралык миграция уюму (ЭМУ) өз өлкөсүнө кайтып келген мигранттарды жергиликтүү чөйрөгө кайрадан интеграциялоо жана миграция маселелери боюнча башкарууда санариптик чечимдерди ишке киргизүү жаатында колдоо аркылуу жумуштуулукту өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Мындай чаралар иш менен камсыз болуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана эмгек миграциясынын коопсуздугун жакшыртууга багытталган.

Helvetas Swiss Intercooperation айрыкча айылдык жаштар арасында кесиптик билим берүү жана эмгек көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча долбоорлорду ишке ашырат.

Европалык окутуу фонду (ЕОФ) DARYA долбоорунун алкагында Борбордук Азиядагы, анын ичинде Кыргызстандагы жаштардын көндүмдөрүн өнүктүрүүгө колдоо көрсөтөт. Долбоор ийкемдүү квалификацияларды, санариптик жана социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү жана натыйжалуу окуу программаларын түзүүдө мугалимдерге колдоо көрсөтүүчү карточкалардын жыйындысы, б.а. SCAFFOLD сыяктуу инновациялык билим берүү куралдарын ишке киргизүү аркылуу жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн жакшыртууга багытталган.

Бириккен улуттар уюмунун Дүйнөлүк азык-түлүк программасы (БУУ ДАТП) убактылуу иш менен камсыз кылуу долбоорлору, дыйкандарга колдоо көрсөтүү жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү окутуу аркылуу Кыргыз Республикасында жакырчылыкты жана жумушсуздукту кыскартууга активдүү салым кошуп келе жатат. «Социалдык келишим» жана «Активдер үчүн азык-түлүк» программаларынын алкагында аярлуу топтордун өкүлдөрү өз көндүмдөрүн өнүктүрүү, инфраструктураны өнүктүрүүгө катышуу жана өз бизнесин баштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

Мурунку жылдарда Германиянын Эл аралык кызматташтык коому (GIZ) Кыргызстанда активдүү иш алып барып, эмгек көндүмдөрүн өнүктүрүү, иш менен камсыз кылуу кызматтарын санариптештирүү жана жаштарга кеңеш берүү программаларын ишке ашырууга көмөк көрсөтүп келген.

Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги (АРИС) айыл жергесиндеги калкты иш менен камсыз кылууну жана өзүн-өзү иш менен камсыз кылууну

өнүктүрүүгө олуттуу салым кошуп, инфраструктуралык долбоорлор жана гранттык программалар аркылуу чакан чарбаларга жана жергиликтүү демилгелерге колдоо көрсөтөт. Агенттиктин демилгелери жумуш орундарын түзүүгө, жергиликтүү коомчулуктардын кирешесинин өсүшүнө жана программанын катышуучуларын туруктуу экономикалык ишмердикке тартууга өбөлгө түзөт.

Кыргызстандын ишкерлер союзу, Билим берүүнү өнүктүрүү ассоциациясы, ошондой эле жаштар жана мигранттар менен иштеген жергиликтүү бейөкмөт уюмдар.

Жогоруда аталган юмдар Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин аракеттерин толуктап, Кыргызстандагы эмгек рыногунун туруктуу негизде өнүгүшүнө салым кошуп жатышат.

**Жаштарга багытталган эмгек рыногундагы активдүү чаралары үчүн укуктук жана саясий негиз**

Эмгек рыногунун активдүү саясатынын укуктук негизи бир катар мыйзамдарды жана жоболорду камтыйт, алардын ичинен төмөнкүлөр эң маанилүү орунду ээлейт:

- Жумушсуз жарандарды иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү, кесиптик окутуу жана социалдык коргоо, ошондой эле эмгек рыногуна талдоо жүргүзүү жана болжолдоо маселелерин жөнгө салуучу «Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.
- «Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы редакциясы социалдык келишимдин негизинде жарды же аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө социалдык жардам көрсөтүү максатыда кабыл алынган. Мыйзамда социалдык келишим бул жарды же аз камсыз болгон үй-бүлө жана иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн ортосундагы өз ара милдеттенмелер жөнүндө келишим экендиги белгиленген.
- 2023-жылдын 4-августунда кабыл алынган (№ 157) «Жаштар жөнүндө» Мыйзамга жаштарды иш менен камсыз кылууга көмөктөшүүгө, кадрларга болгон муктаждыктарды талдоого жана божомолдоого, маалымат берүүгө, жаш адистерди колдоо программаларын иштеп чыгууга, аларды мамлекеттик кызматка тартууга жана Кыргыз Республикасынын аймагында чакан жана орто ишкердикти жана стартаптарды өнүктүрүүгө арналган 9-берене киргизилген.
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январында бекитилген «Мамлекеттик жаңы кадр саясаты жөнүндө» Жарлыгы мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кесипкөй, келечектүү жаш адистерди тартууга багытталган.
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 2-февралында бекитилген «2023-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында кадрларды өнүктүрүү жана калыптандыруу боюнча мамлекеттик стратегияны бекитүү жөнүндө» Жарлыгында келечектүү жаштардын мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка киришине көмөктөшүү жана жаш адистер үчүн насаатчылык системасын ишке ашыруу керек экендиги белгиленген.
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 9-августунда бекитилген № 397 «Ишканадагы (уюмдагы) насаатчылык жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу» токтому.

Ага кошумча, ЭСКММ иш менен камсыз кылуу саясатын жөнгө салуучу бир катар ченемдик укуктук актыларды иштеп чыккан. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- Жумушсуздук боюнча жөлөкпулдарды төлөө тартиби, шарттары жана мөөнөттөрү жөнүндө жобо.
- Жумушсуз жарандарды кесиптик даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу жөнүндө жобо.
- Акы төлөнүүчү коомдук жумуштарды уюштуруу жөнүндө жобо.
- Жарандарды жумушсуз же жумуш издөөчү катары каттоо тартиби.

- Орто кесиптик билим берүү системасындагы жаштар үчүн кесиптик багыт берүү жөнүндө жобо.

Азыркы учурда ЭСКММ 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Эмгек рыногун өнүктүрүү жана калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү боюнча «Эл дөөлөтү-эмгек» улуттук программасын иштеп чыгуунун үстүндө алектенип жатат. Мында калкты иш менен камсыз кылуу улуттук экономикалык жана социалдык саясаттардын борбордук элементи болуп эсептелет.

2025-жылдын май айында Кыргыз Республикасынын 2040-жылга чейинки демографиялык саясатынын концепциясы кабыл алынган, ал эмгек рыногун өнүктүрүүгө жана демографиялык дивидендди натыйжалуу пайдаланууга багытталган. Концепциядагы башкы приоритеттик багыттарга калктын жашоосунун туруктуу өсүшү үчүн шарттарды түзүү, жогорку сапаттагы билим берүүнү жана кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүү, ошондой эле жаштарды иш менен камсыз кылуу кирет. Жаш адистердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга жана квалификациялуу кадрлардын өлкөдөн чыгып кетишине жол бербөөгө өзгөчө көңүл бурулууда. Мындай чаралар калктын демографиялык потенциалын өлкөнүн экономикалык өнүгүүсү үчүн пайдаланууга багытталган.

2025-жылдын июнь айында 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүктүрүү программасы кабыл алынган, анда адамдык потенциалды өнүктүрүү жана татыктуу эмгек менен камсыз кылуу боюнча максаттар коюлган.

**Кызыкдар тараптардын ортосундагы ишти координациялоо механизмдери, иш менен камсыз кылуу маселелерин санариптештирүү**

Ар кандай кызыкдар тараптардын ортосундагы иш-аракеттерди координациялоо төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылат:

- Жаштарды иш менен камсыз кылууну да ичине камтыган конкреттүү программаларды жана долбоорлорду ишке ашыруу үчүн ведомстволор аралык жумушчу топтор түзүлөт. Алардын курамына ар түрдүү министрликтердин өкүлдөрү кирет, демек, иш менен камсыз кылуу маселелерин чечүүгө комплекстүү мамилени колдонуу мүмкүн болот. Жумушчу топтор жаңы демилгелерди иштеп чыгуу, эмгек рыногунун муктаждыктарына талдоо жүргүзүү жана иш менен камсыз кылуу жаатындагы стратегиялык документтерди жүзөгө ашыруу боюнча иш-аракеттер планын иштеп чыгуу менен байланышкан иш-аракеттерди координациялайт.
- Мамлекеттик органдар менен бейөкмөт уюмдардын, бизнес ассоциацияларынын жана эл аралык уюмдардын ортосундагы өнөктөштүк. Бизнес ассоциациялары менен өз ара аракеттешүү иш берүүчүлөрдүн адистерге карата койгон талаптарын жакшыраак түшүнүүгө жана билим берүү программаларын эмгек рыногунун талаптарына ылайыкташтырууга (адаптациялоого) жардам берет. Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин активдүү өнөктөштөрүнүн бири - чакан жана орто бизнестин 1000ден ашык өкүлдөрүн бириктирген «ЖИА» Жаш ишкерлер ассоциациясы. Эл аралык уюмдардын катышуусу алдыңкы тажрыйбаларды ишке киргизүүнү, тажрыйбаны изилдеп үйрөнүүнү жана биргелешкен демилгелер үчүн каржылоону тартууну камсыз кылат.
- «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттешүү системасы мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ортосунда автоматташтырылган маалымат алмашууну камсыз кылат. Бул ар бир талапкер менен натыйжалуу, максаттуу жана жекеме-жеке иштөөгө мүмкүндүк берет.

ЭСКММди санариптештирүүнүн алкагында 2018-жылы бүткүл республика боюнча Эмгек рыногунун маалымат системасы (ЭРМС) ишке киргизилген. ЭРМС жумуш издегендер, бош жумуш орундары, иш берүүчүлөр жана учурда актуалдуу болгон кесиптик окутуу курстары боюнча улуттук маалымат базаларын түзүү максатын көздөйт. Ошентип, ЭРМС жумушсуз жарандарды ишке орноштуруу боюнча натыйжалуу жолдо өз ара кызматташууга өбөлгө түзөт.

Система төмөнкүлөрдү камсыздайт:

- Улуттук маалымат базасынан бош жумуш орундарын тез издөө жана табуу.

- Жумушсуздарды ыкчам издеп табуу.
- Иштин ачык-айкындуулугу.
- Облустарга жана райондорго тиешелүү маалыматтарды ыкчам алуу мүмкүнчүлүгү.
- Эмгек рыногу боюнча жалпыланган/бириктирилген маалыматтарынын ачыктыгы.
- Иш-кагаздарды электрондук түрдө жүргүзүү.
- Башка мамлекеттик органдар менен маалымат алмашуу мүмкүнчүлүгү.

Эсебин жүргүзүүдөн жана маалымат базасын түзүүдөн сырткары, система жарандар менен төмөнкү жаатта түздөн-түз ишти уюштурууга да мүмкүндүк берет:

- консультацияларды жүргүзүү;
- каттоодон өткөрүү;
- активдүү жана пассивдүү иш менен камсыз кылуу чараларына жолдомолорду берүү.

Система иш берүүчүлөр менен төмөнкү багытта иш алып баруу мүмкүнчүлүгүн түзөт:

- иш берүүчүнү каттоодон өткөрүү;
- бош жумуш орундары боюнча каттоо жүргүзүү;
- региондор боюнча бөлүнүп жана бүткүл өлкө боюнча жалпыланып берилген бош жумуш орундарынын жана талапкерлердин резюмелеринин Маалымат банкын түзүү.

**ЭРМСти түзүүнүн функционалдык схемасы**

Маалыматтык система ар айдын жыйынтыгы боюнча эмгек рыногунун абалын чагылдырган статистикалык отчетторду түзөт, андан сырткары, министрликтин кызматкерлерине эмгек рыногунун абалын реалдуу убакыт режиминде, улуттук деңгээлде да, ар бир аймактык бирдик боюнча өзүнчө да көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет.

ЭРМС zanyatost.kg маалымат порталына интеграцияланып, иш менен камсыз кылуунун бирдиктүү санариптик экосистемасын түзөт. zanyatost.kg порталынын негизги максаты – бир жагынан жумуш издеген жарандарды квалификациялуу кадрларга муктаж болгон иш берүүчүлөр менен байланыштыруу. Мында топтолгон маалымат эмгек рыногунун өнүгүшү, суроо-талапка ээ болгон бош жумуш орундар жана компетенциялар боюнча талдоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Ошону менен катар эле 2021-жылдын 1-июлунда Евразиялык экономикалык биримдигинин алкагында ««Чек арасыз иштөө» аттуу бирдиктүү издөө системасы» долбоору ишин баштагандыгын белгилей кетүү абзел[16]. Аталган долбоор Кыргыз Республикасынын, Армения Республикасынын, Беларусиянын, Казакстандын жана Россия Федерациясынын учурдагы колдонулуп жаткан улуттук системаларына интеграцияланган. Долбоор бир же бир нече мүчө мамлекеттердин чегинде жумушка талапкерлерди издөө же кызматкерлерди тандоого мүмкүндүк түзөт, ошону менен катар эле бош жумуш орундары жана резюмелер жөнүндө маалымат алууну жана интерактивдүү өз ара аракеттешүүнү да камсыздап берет. Бул колдонмонун пайдалануучулары мамлекеттик жана коммерциялык ишке орноштуруу кызматтарынын кеңири чөйрөсүнө кирүү мүмкүнчүлүгүн алышат.

# ЖАШТАР ҮЧҮН ЭМГЕК РЫНОГУНДАГЫ АКТИВДҮҮ ЧАРАЛАР

Кыргыз Республикасынын эмгек рыногу ички социалдык-экономикалык чакырыктардын да, иш менен камсыз кылуу жаатындагы глобалдык өзгөрүүлөрдүн да таасири менен шартталган активдүү өзгөрүүлөр стадиясында турат. Калктын курамында жаштардын үлүшүнүн жогору болгон жана калктын, айрыкча жаштардын арасында жумушсуздук туруктуу деңгээлде сакталып турган шартта, эмгек жана иш менен камсыз кылуу жаатындагы мамлекеттик саясат өзгөчө

[16] https://eec.eaeunion.org/news/proekt-rabota-bez-granic-startoval-v-eaes/

мааниге ээ болуп калат. Өлкөдө аткарылып жаткан иш менен камсыз кылуу саясаты жалгыз гана жумуш орундарын түзүүгө эмес, ошондой эле кесиптик даярдыктын деңгээлин жогорулатууга, жарандардын улам өзгөрүп жаткан рыноктук талаптарга карата ыңгайлашуу жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган. Калктын эң мобилдүү, бирок эмгек ишмердүүлүгүндө кыйынчылыктарга дуушарланган аярлуу катмары болуп саналган жаштарга өзгөчө көңүл бурулууда. Ошол эле учурда мамлекет жаш адистерди иш менен камсыз кылууну гана эмес, алардын потенциалын өнүктүрүүнү, ошондой эле жаштардын өлкөнүн экономикалык жана социалдык жашоосуна интеграцияланышын камсыз кыла тургандай туруктуу негиздеги колдоо системасын түзүүгө умтулат.

Бул саясатты ишке ашырууда өзүнүн ишмердүүлүгүн комплекстүү мамиленин негизинде жүргүзүүчү ЭСКМ министрлиги алдыңкы ролду ойнойт. Мындай мамиле жаштарды жумушка орноштуруу жаатында реалдуу мүмкүнчүлүктрдү түзүүгө, алардын кесиптик өсүшү үчүн шарттарды камсыздоого жана аларга социалдык жактан колдоо көрсөтүүгө багытталган. Мамлекеттик иш менен камсыз кылуу кызматтары аркылуу ЭСКММ эмгек рыногунун улам өзгөрүп турган шарттарына ылайыкташтырылган практикалык куралдарды жана программаларды ишке ашырат.

Бул ишмердиктин негизги багыттарынын бири – калкты, анын ичинде жаштарды иш менен камсыз кылуу көрсөткүчтөрүн жогорулатууга багытталган активдүү көмөктөшүү чараларынын системасын жүзөгө ашыруу. Бул чаралар кесиптик окутуу менен стажировкадан баштап, коомдук жумуштарга жана жаштардын ишкердигин колдоого чейинки кеңири демилгелерди камтыйт.

**Иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жаатындагы активдүү чаралар**

Кыргыз Республикасында иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жаатындагы активдүү чаралар ЭСКММдин жоопкерчилигинде турган максаттуу топтор үчүн ишке ашырылат. Бул чаралар жалгыз эле жаштарга багытталган эмес, кантсе да жаштар жумушсуз жарандарды, аялдарды жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды да камтыган калктын башка аярлуу топтору менен кошо негизги бенефициарлардын (пайда алуучулардын) катарына кирет. Ошентип, программалар универсалдуу мүнөзгө ээ, ошону менен катар эле айрым бир компоненттери жаштардын муктаждыктарына ыңгайлаштырылышы мүмкүн.

<u>Акы төлөнүүчү коомдук жумуштарды (АКЖ) уюштуруу.</u> Иш тажрыйбасы жок жаштар үчүн акы төлөнүүчү коомдук жумуш программалары ишке ашырылып, алар ар кандай чөйрөлөрдө убактылуу жумуш менен камсыз кылынат. Аталган программалар жаштардын тажрыйба топтоосуна, көндүмдөрүн өркүндөтүүсүнө жана эмгек рыногунда өздөрүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуусуна жардам берет. Акыркы эки жыл ичинде, б.а. 2023-2024-жылдары АКЖнын алкагындагы жумушка 26582 жумушсуз адам тартылган, алардын болжол менен 30% 16-28 жаш курагындагы жаштар[17].

<u>Ишке орноштурууга көмөк көрсөтүү жана иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттешүү.</u> Министрлик учурдагы актуалдуу бош жумуш орундардын маалымат базасын түзүү жана жеңилдикке ээ болгон жарандардын категориялары үчүн квоталарды уюштуруп белгилөө үчүн бизнес коомчулугу менен кызматтыкта иштейт. Бул 2024-жылы бул иш андан ары да күчөтүлгөн, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда талдоо жүргүзүлгөн бош жумуш орундарынын саны эки эсеге көбөйгөн[18].

<u>Кесиптик окутуу жана кайра даярдоо.</u> Жаштардын көндүмдөрүн өркүндөтүү үчүн министрлик эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон адистиктер боюнча кыска мөөнөттүк кесиптик окутуу программаларын уюштурат. Ошентип, Бишкектеги Кесиптик багыт берүү борбору IT курстарын ийгиликтүү ишке ашырып, бүтүрүүчүлөрүн «Megacom» и «Beeline Kyrgyzstan» компанияларына жумушка орноштурду.

[17] Эмгек рыногунун маалымат системасы (ЭРМС)
[18] ЭСКММ иш менен камсыз кылуу жаатында эң активдүү иш алып барган региондорду белгилеп атады https://mlsp.gov.kg/ru/2025/08/01/v-mintruda-nazvali-samye-aktivnye-regiony-v-sfere-trudoustrojstva/

Акыркы эки жылдын ичинде бүткүл өлкө боюнча 14000ден ашык жаштар окутуу борборлорунда окуудан өтүштү. Алардын арасында аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жана башка аярлуу топтордун өкүлдөрү бар.

Жумуш издеген талапкерлерге карьералык кеңеш берүү жана кесиптик багыт берүү (профориентация). Иш менен камсыз кылуу борборлору жумуш издөө, резюме жазуу жана маектешүүгө даярдануу жаатында жекечелештирилген (жекече мамиле кылуунун негизинде) жардам көрсөтөт. 2024-жылы республикалык бюджеттин эсебинен кесиптик багыт берүү үчүн 8,2 млн сом бөлүнгөн, анын ичинде бүткүл өлкө боюнча 9 кесиптик багыт берүү борбору ачылган. Окутуу бүткүл өлкө боюнча 105 билим берүү мекемесинде 125 адистик боюнча жүргүзүлөт. Министрликтин кесиптик багыт берүү борборлору жана аймактык бөлүмдөрү 40404 жаранга, анын ичинде 23805 мектеп окуучуларына жана бүтүрүүчүлөрүнө, ошондой эле кесиптик билими жок 16599 жумушсуз жарандарга кесиптик кеңеш беришкен[19]. 2025-жылдын башынан бери алар 101877 жаранга кеңеш беришкен.

Мындан тышкары, жаштарды эмгек ишмердүүлүгүнө интеграциялоо, аларга баштапкы иш тажрыйбасын камсыздап берүү жана эмгек көндүмдөрүн өнүктүрүү куралы катары убактылуу иш менен камсыз кылууну өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулуп жатат. 2025-жылдын башынан бери 10394 адам убактылуу жумуш менен камсыз болду.

Жумуш жарманкелерин өткөрүү. Иш менен камсыз кылуу саясатын ишке ашыруунун алкагында 2025-жылдын биринчи жарымында Бишкекте, Ошто, Жалал-Абадда жана өлкөнүн башка региондорунда 46 жумуш жарманкеси өткөрүлдү. Анда 12885 адам (жумушсуз жарандар, орто мектептердин жана окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү) катышып, 825 иш берүүчү 15810 бош жумуш орун сунушташты. Ошентип, 2025-жылдын апрель айында Бишкекте өткөн жарманкеде «Кыргыз темир жолу» сыяктуу ири ишканалардын жана маалыматтык технологиялар компанияларынын (мисалы, «Нуртелеком», «Мегаком») атынан 40 жакын иш берүүчү ар кандай тармактар боюнча 5000 жакын бош жумуш орундарын сунушташкан.

Калктын аярлуу категориясынын өкүлдөрүнө колдоо көрсөтүү. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды, жаштарды жана эмгек миграциясынан кайтып келген жарандарды жумушка орноштурууга өзгөчө көңүл бурулууда. 2024-жылы «Эмгек мигранттарын кайра интеграциялоо» долбоорунун колдоосунда 200 ашык жаран консультация алып, кайра даярдоого жөнөтүлдү, бул алардын ийгиликтүү түрдө жумушка орношуусуна өбөлгө түздү[20]. Андан тышкары, азыркы учурда өлкөсүнө кайтып келген мигранттарга өз каражаттарын өз мекениндеги бизнес долбоорлоруна инвестициялоого жардам берүү үчүн иштелип чыккан «Мекеним 1+1» программасы боюнча иштер аткарылып жатат[21].

Жаштар стажировкалары. 2024-жылдан бери Министрлик окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнө жана жумушсуз жаштарга багытталган жаштар стажировкасы программасын ишке ашырып келет. Бул долбоор Дүйнөлүк банктын колдоосу менен жүзөгө ашырылууда. Жаштар стажировкасы программасынын максаты - жаштардын зарыл болгон кесиптик билимге, практикалык тажрыйбага жана кесиптик көндүмдөргө ээ болуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, алдыңкы тажрыйбаларды изилдөө жана жергиликтүү эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болуу үчүн жумшак көндүмдөрдү үйрөнүү. Долбоор бүткүл республика боюнча 30 шаарды жана районду камтыйт. Стажерлордун пландаштырылган саны 3000 жаш адамды түзөт. Жаштар стажировкасы учурунда стажерлордун чыгымдарын жабуу үчүн стажировканын ар бир катышуучусуна айына 8600 сом өлчөмүндө эмгек акы төлөнөт. Ар бир катышуучу үчүн стажировканын узактыгы жыл ичинде алты айдан ашпашы керек.

Бул программанын алкагында жаштар үчүн жашоо минимумунун деңгээлиндеги эмгек акы алуу менен ар түрдүү уюмдарда стажировкадан өтүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Мындай стажировкалар

[19] Эмгек министрлиги: 8,4 миңден ашык адам убактылуу жумуш менен камсыз болду https://mlsp.gov.kg/ru/2025/08/01/mintrud-bolee-84-tysyach-chelovek-obespecheny-vremennoj-rabotoj/
[20] Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ)
[21] Эмгек министрлигинде мекенине кайтып келген мигранттарга колдоо көрсөтүү маселеси талкууланды https://mlsp.gov.kg/ru/2024/07/12/v-mintruda-obsudili-podderzhku-vozvrashhayushhihsya-migrantov/

жаштарга кесиптик билимдерин жана көндүмдөрүн практика жүзүндө колдонууга, ошондой эле адистердин насаатчылыгы астында жашоо-турмуш көндүмдөрүн өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет.

Долбоордун алгачкы (2025-жылдын 2-июнуна карата) жыйынтыктары кубандырарлык натыйжаларды көрсөтүп турат: стажировкага 1663 жаш адам жолдомо алган, алардын ичинен 524 (31,5%) жумушка орноштурулган. Ошентип, программа окутуу/билим берүү менен кесиптик ишмердүүлүктүн ортосундагы чыныгы көпүрө болуп саналат. Ал жаштарга мамлекеттик жана жеке менчик уюмдарда реалдуу шарттарда иштөөнүн натыйжасында практикалык көндүмдөрдү алууга мүмкүндүк берет. Ошону менен катар эле айыл жергесиндеги жаштарды жана социалдык жактан аярлуу топторду колдоого өзгөчө көңүл бурулуп жатат — катышуучулардын болжол менен 52% ушул категориядагы жаштар[22]. Программа салыштырмалуу жакында эле башталгандыктан, анын жыйынтыктары боюнча ар тараптуу баалоо жана талдоо дагы эле жүргүзүлүүдө.

Санариптик көндүмдөрдү жана стартаптарды өнүктүрүү. Экономиканы санариптештирүү өтө тездик менен өтүп жаткан доордо жаштардын санариптик компетенцияларын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Өлкөдө маалыматтык технологиялар боюнча жеке менчик жана мамлекеттик билим берүү программалары активдүү түрдө өнүгүп жатат.

Европа Биримдигинин, Европалык Коңшулук кеңешинин жана Интернет коомунун Кыргызстандагы бөлүмүнүн (ISOC) колдоосу менен өлкөдө эки жылдык «Санарип Инсан» (2023-2024) долбоору ишке ашырылды. Аймактардагы аялдар жана жаштар арасында санариптик сабаттуулукту өнүктүрүү максатын көздөгөн ушул долбоордун алкагында 255 жумуш орду түзүлдү. Долбоордо санариптик платформалар боюнча окутуу, санариптик сабаттуулукту жогорулатуу жана жаштар үчүн стартап сынагы камтылып, анын алкагында 120 ашык долбоор катышты. Алардын ичинде айыл чарбасы менен байланышкан идеялар да, бизнес жана социалдык сектор үчүн санариптик чечимдер да камтылган. Он долбоор жалпы көлөмү 2,7 млн сомдук каржылоо алган. Бул жөн гана акча каражаты эмес, бул Кыргызстанда санариптик экономиканы бүгүнтөн баштап калыптандырып жаткан жаңы идеяларды жана жаш ишкерлерди колдоо болуп саналат.

«Аракетчил» долбоору 2021-2024-жылдар аралыгында жүзөгө ашырылган. Ал Кыргызстандын түштүк аймактары болгон Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарында жаштарды иш менен камсыз кылууга жана ишкердикке көмөктөшүүгө багытталган төрт жылдык программанын бир бөлүгү болгон. Долбоор Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги менен Ага Хан фондунун ортосундагы кызматташтык жөнүндө меморандумдун алкагында, Япония Өкмөтүнүн жана Дүйнөлүк банктын каржылык колдоосунун негизинде ишке ашырылган.

Долбоордун алкагында 3500 ашык жаш адамдар эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон кесиптер боюнча окутулду. Мындан тышкары, 35 жаш ишкер өз бизнесин баштоо үчүн жалпы суммасы 92 миң АКШ долларына барабар грант алышты. Долбоордун алкагында хакатондор да өткөрүлүп, анда 20 стартап өз идеяларын өнүктүрүүсү үчүн гранттык колдоого ээ болду. Андан сырткары, кийиз буюмдары жана айыл чарба азыктарын кайра иштетүү сыяктуу инновациялык продукцияларды өндүрүү боюнча тренингдер өткөрүлдү[23].

Министрлик менен «Enactus Кыргызстан» коомдук бирикмесинин ортосундагы кызматташтык 2024-жылдын август айында расмий түрдө түзүлгөн. Кызматташтык жөнүндө меморандумга жаштарды өндүрүшкө, айыл чарбасына жана агростартаптарын өнүктүрүүгө тартуу, алардын потенциалын жогорулатуу жана жашыл көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жана санариптик технологияларды колдонууга басым жасоо аркылуу иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү максатында биргелешип иштөө максатында кол коюлган. Кызматташтык жаштардын иш менен

[22] Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ)

[23] «Аракетчил» долбоорунун алкагында 3500 ашык жаш жарандар эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон кесиптер боюнча окуудан өттү. https://mlsp.gov.kg/ru/2022/12/26/bolee-35-tys-molodyh-grazhdan-obucheny-vostrebovannym-professiyam-i-podgotovleny-k-rynku-truda-v-ramkah-proekta-araketchil/

камсыз болушуна көмөктөшүүнү, жаштардын ишкердигин жана өзүн өзү иш менен камсыз кылуусун өнүктүрүүнү, ошондой эле жаштар менен кесиптик багыт берүү ишин өнүктүрүүгө багытталган биргелешкен инновациялык долбоорлорду жүзөгө ашырууну камтыйт.

Министрлик тарабынан 2022-жылдан бери ишке ашырылып келе жаткан Социалдык келишим программасы социалдык жактан аярлуу катмардагы жаштар да кирет. Учурда программа 32044 үй-бүлөнү камтыйт, алардын ичинен жаштар олуттуу үлүшүн түзөт, алар ишкердик идеяларды жүзөгө ашырууга активдүү тартылып, өз долбоорлорун баштоо үчүн колдоо алышат. Адатта, бул бизнес долбоорлор мал чарбачылыгы, балык өстүрүү, өсүмдүк өстүрүү, туризм, кызмат көрсөтүүлөр, соода, коомдук тамактанууну уюштуруу жана башка тармактарга багытталган.

Ошентип, туруктуу инфраструктураны өнүктүрүүгө жана узак мөөнөттүк жыйынтыктарга багытталган ар кандай колдоо программалары мамлекеттик иш менен камсыз кылуу саясатынын маанилүү элементине айланып отурат. Бул жумушсуздукту азайтууга багытталган оперативдик чечимдерди кабыл алууну гана эмес, ошондой эле эмгек күчү жаатындагы сунуш менен суроо-талаптын ортосундагы дисбаланстын себептерин терең талдоону да талап кылат. Бул өнүттө мамлекеттик органдардын, билим берүү мекемелеринин жана бизнестин ортосундагы кызматташуу өзгөчө мааниге ээ болот, мунун өзү эмгек рыногунун муктаждыктарын так болжолдоого жана андан тышкары, кадрларды окутуп даярдоо механизмдерин экономиканын реалдуу талаптарына ылайыкташтырууга мүмкүндүк берет. Азыркы учурдагы өнүгүү ар бир жумуш издеген талапкерге — жаштарга, аялдарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга, жумушсуз жарандарга же өз өлкөсүнө кайтып келген эмгек мигранттарына жекече мамиле кылуунун маанисин жогорулатып жатат. Мындай мамиле Кыргыз Республикасында мезгилдин чакырыктарына жооп бере алган ийкемдүү жана инклюзивдүү эмгек рыногунун моделин түзүүгө жардам берет.

# ЭМГЕК рынОГУНДАГЫ активДҮҮ чаралардын натыйжалуулугу жана таасири

ЭРМСнын маалыматы ылайык, 2020-2024-жылдар аралгында ишке орношуу маселелери боюнча жарандардын кайрылууларынын саны жылына 44 миңден 55 миң чейин өзгөрүп турган. 2021–2022-жылдардагы өсүштөн кийин кайрылуулардын саны акырындык менен азайып баратканы байкалууда (2-таблицаны караңыз).

**2-таблица.** ***КР ЭСКММ тарабынан аткарылып жаткан активдүү чаралар (2020-2024-жж.)***

| | 2020-жыл | | | 2021-жыл | | | 2022-жыл | | | 2023-жыл | | | 2024-жыл | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жалпы | а.и. аялдар | 16-28 жаштагылар | Жалпы | а.и. аялдар | 16-28 жаштагылар | Жалпы | а.и. аялдар | 16-28 жаштагылар | Жалпы | а.и. аялдар | 16-28 жаштагылар | Жалпы | а.и. аялдар | 16-28 жаштагылар |
| **Жумушка орноштуруу маселеси боюнча кайрылган** | 46058 | 21755 | 14573 | 50444 | 23858 | 15871 | 54673 | 25536 | 16320 | 45811 | 21978 | 13860 | 44076 | 21947 | 23269 |
| **Расмий жумушсуз катары таанылган** | 31566 | 15406 | 10407 | 34229 | 16676 | 11525 | 38961 | 18229 | 12371 | 32326 | 15562 | 10870 | 28130 | 14235 | 16648 |
| **Кеңеш алгандар** | 83995 | 41027 | 20265 | 103840 | 50175 | 22903 | 110732 | 52955 | 23296 | 112140 | 54120 | 23069 | 110656 | 54939 | 55334 |
| **Жолдомо берилген:** | 22427 | 10553 | 6870 | 22902 | 10871 | 6662 | 22602 | 11405 | 6005 | 21024 | 11078 | 5018 | 19976 | 10971 | 10016 |
| коомдук жумуштарга | 15318 | 6142 | 3710 | 15393 | 6140 | 3461 | 15289 | 6531 | 3221 | 14172 | 6398 | 2526 | 12410 | 5766 | 5277 |
| кесиптик окутууга | 7109 | 4411 | 3160 | 7509 | 4731 | 3201 | 7313 | 4874 | 2784 | 6852 | 4680 | 2492 | 7566 | 5205 | 4739 |
| **Жумушка орноштурулгандардын жалпы саны: анын ичинде:** | 15037 | 8432 | 3885 | 15574 | 8483 | 4004 | 15798 | 9143 | 3126 | 16703 | 9546 | 3244 | 17983 | 10754 | 8741 |
| бош жумуш ордуна | 14931 | 8375 | 3869 | 15543 | 8457 | 3995 | 15817 | 9157 | 3124 | 16718 | 9554 | 3252 | 17961 | 10722 | 8724 |
| кесиптик багыт берүүдөн кийин | 3260 | 2122 | 1251 | 3994 | 2673 | 1583 | 3363 | 2275 | 1152 | 3474 | 2409 | 1046 | 4154 | 3041 | 2476 |
| **Жөлөкпул чектелген** | 435 | 247 | 39 | 360 | 220 | 36 | 249 | 129 | 16 | 187 | 113 | 8 | 179 | 112 | 42 |
| **Жөлөкпул алгандар** | 266 | 140 | 19 | 170 | 97 | 9 | 111 | 58 | 4 | 78 | 51 | 3 | 89 | 58 | 14 |
| **ЖО кызматында учетто тургандар, анын ичинен:** | 98746 | 44073 | 29294 | 99341 | 43367 | 28004 | 98784 | 42369 | 27828 | 91572 | 39196 | 25854 | 70667 | 30988 | 41940 |
| **Расмий жумушсуздар** | 76652 | 35772 | 23469 | 75970 | 34302 | 22059 | 74683 | 33074 | 21986 | 67603 | 29800 | 20473 | 50854 | 22985 | 31634 |
| **Бош жумуш орундарына учетко коюлгандар** | 19572 | | | 20639 | | | 20184 | | | 23521 | | | 27941 | | |

2-таблицада көрүнүп тургандай, жумушка орноштурууга көмөктөшүү чаралары 2020-2024-жылдар аралыгында, айрыкча, калктын аярлуу топтору – жаштар жана аялдар - менен иштөөдө оң динамиканы чагылдырды. Тактап айтканда, коомдук жумуштарды аткарууга жөнөтүлгөн адамдардын саны жыл сайын 12,4 миңден 15,3 миңге чейин өзгөрүп турган. 2024-жылы коомдук жумуштарды аткарууга 12410 адам жөнөтүлгөн, алардын 5277 жаштар жана 5766 аялдар болгон. Мунун өзү программа эмгек рыногундагы калктын негизги категориясын активдүү түрдө ишке тартып жаткандыгын көрсөтүп турат.

Кесиптик окутуу боюнча да башкы бенефициарлардын камтылышы акырындык менен өсүп жатканы көрүнүп турат: 2020-жылы курстарга 7109 адам жөнөтүлгөн, ал эми 2024-жылы бул көрсөткүч 7566 адамды түзгөн. Алардын ичинен 4739 жаштар, ал эми 5205 аялдар болгон. Мындай тенденция жарандардын квалификациясын жогорулатуу жана эмгек рыногунун талаптарына ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейип жатканын айгинелеп турат.

Бул мезгилдеги иш менен камсыз болуу 2020-жылдагы 15037 адамдан 2024-жылы 17983 адамга чейин көбөйүп, дээрлик 20% өскөн. Айрыкча жаштардын арасындагы өсүш өзгөчө олуттуу болуп, 3885 адамдан 8741 адамга чейин, б.а. эки эседен ашык көбөйгөн. Аялдардын ишке тартылуусу да оң өсүштү көрсөттү, иш менен камсыз болуу көрсөткүчтөрү 8432 адамдан 10754 адамга көбөйдү. Бул иш менен камсыз кылуунун активдүү чаралары боюнча камтуунун жана натыйжалуулугунун жакшыргандыгын чагылдырат.

Ошого карабастан, жумушсуздук боюнча жөлөкпул алуучулардын саны өтө аз бойдон калууда: 2024-жылы жөлөкпулдар бар болгону 179 адамга чектелип берилген, алардын 42 жаштар жана 112 аялдар болгон, ал эми иш жүзүндө алардын ичинен 89 адам гана жөлөкпул алып жатат. Мындай жагдай жөлөкпулдарды чектөө критерийлерин кайра карап чыгуу, ошондой эле камтууну жана жеткиликтүү социалдык колдоо чаралары жөнүндө коомчулуктун маалымдуулугун жакшыртуу зарылдыгы бар экендигин баса белгилейт.

Жумушка орношуу үчүн арыз берип кайрылган жана расмий түрдө жумушсуз деп таанылган адамдардын санынын жалпысынан азайышына карабастан, жумуш издеген жаштардын саны 59% ашыкка – 2020-жылдагы 14573 адамдан 2024-жылы 23269 адамга - чейин көбөйдү. Жаштарга коомдук жумуштар жана кесиптик окутуу үчүн берилген жолдомолордун тез өсүшү, ошондой эле алардын иш менен камсыз болушунун кыйла көбөйүшү оң жышаан болуп саналат. Анткен менен, эмгек рыногунда жаштардын аярлуулук деңгээли жогорулап жатат, ошол себептен кошумча ийкемдүү жана максаттуу колдоо программаларын иштеп чыгуу талап кылынат.

Талдоо көрсөткөндөй, консультациялык жана мотивациялык колдоону камтыган кесиптик окутууну, практикага багытталган окутуу форматтары жана иш берүүчүлөрдү стажировкаларды уюштурууга, практикалык окутууну өткөрүүгө жана жумушка орноштурууга тартуу менен айкалыштырган программалар эң ийгиликтүү болуп эсептелет.

Мындан тышкары, мамлекеттик иш менен камсыз кылуу кызматтары кесиптик багыт берүү, бош жумуш орундарын талдоо жана программанын катышуучуларын консультациялык коштоо жаатында абдан маанилүү ролду ойнойт. Бирок алардын ресурстук мүмкүнчүлүктөрү, айрыкча айыл жергесинде жана алыскы аймактарда чектелүү.

Акы төлөнүүчү коомдук жумуштар аркылуу убактылуу жумуш менен камсыз кылуу программалары жаштар арасындагы жумушсуздукту жарым-жартылай азайта алат. Тилекке каршы, мындай чаралар убактылуу мүнөзгө ээ болуп, туруктуу негизде иш менен камсыз кылууга же кесиптик өсүшкө өбөлгө түзө албайт.

Башка жагынан алып караганда, жаштардын ишкердигине колдоо көрсөтүү программалары, анын ичинде Социалдык келишим механизми, чакан бизнести өнүктүрүү, жаңы жумуш орундарын

түзүү жана жаштардын өзүн өзү иш менен камсыз кылуусун өнүктүрүү үчүн туруктуу потенциал бар экендигин көрсөтөт.

Мындай демилгелердин ийгилиги финансылык сабаттуулук боюнча окутууну, ишкердик көндүмдөрдү өнүктүрүүнү жана ишмердиктин баштапкы этабында консультациялык коштоону камтыган комплекстүү колдоонун камсыздалышынан түздөн-түз көз каранды.

Негизги жетишкендиктердин бири - лицензиянын негизинде иштеген мекемелерде кесиптик окутуу жана кайра даярдоо программаларынын жаштар үчүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү. Окутуу эмгек рыногунун муктаждыктары жана студенттердин каалоолору жөнүндөгү маалыматтарды талдоонун негизинде аныкталган суроо-талапка ээ болгон багыттар боюнча жүргүзүлөт, анын ичинде төмөнкүлөр бар:

- курулуш,
- маалыматтык технологиялар (IT),
- кызмат көрсөтүү чөйрөсү,
- айыл чарбачылык,
- тигүү өнөр жайы жана башкалар.

Билим берүү тармагында иштеген провайдерлердин маалыматына ылайык, окууну аяктагандан кийин жумушка орношуу көрсөткүчү 60-70% жетет, мунун өзү сөз болуп жаткан программалардын жогорку практикалык баалуулугун тастыктайт.

Мектептер жана колледждер, ошондой эле иш менен камсыз кылуу борборлору аркылуу өткөрүлгөн кесиптик багыт берүү/профориентациялык иш-чаралары жаштарга кесипти аң-сезимдүү/жакшы түшүнүүнүн негизинде тандоого, эмгек рыногунун талаптарына ыңгайлашууга жана келечекте узак мөөнөттүү жумушсуздук коркунучун азайтууга мүмкүндүк берет. Кесиптик багыт берүү борборлору карьералык мотивацияны түзүү, өнүктүрүү жана жаштарды эртелеп эле жумушка тартуу үчүн негизги платформалар болуп кызмат кылат.

Талдоо көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын эмгек рыногундагы активдүү чаралар жаштардын иш менен камсыз болушунун деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзүп жатат, бирок аларды толугу менен аткаруу потенциалы алигиче ачыла элек. Кесиптик окутуу, стажировка жана ишкердик программалары, айрыкча, алар комплекстүү түрдө ишке ашырылган учурларда, оң натыйжалар жетишилгенин көрсөттү.

***3-таблица. Учурда аткарылып жаткан чаралардын негизги күчтүү жана начар жактары***

| ***Күчтүү жактары:*** | |
|---|---|
| **Кызматтардын жеткиликтүүлүгү жана бекерлиги.** | Иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жаатындагы бардык кызматтар акысыз көрсөтүлөт, натыйжада аларды жеткиликтүүлүгү камсыздалат. |
| **Калктын ар түрдүү категорияларын камтуу.** | Программалар жаштарды, аялдарды, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды жана мекенине кайтып келген эмгек мигранттарын камтыган ар кандай максаттуу топторго багытталган, мунун өзү эмгек рыногунда инклюзивдүүлүктү өнүктүрүүгө көмөктөшөт. |
| **Программалардын ар түрдүүлүгү.** | Колдоо көрсөтүүнүн кесиптик окутуу, стажировкалар, кесиптик багыт берүү/профориентация жана өзүн-өзү иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү сыяктуу ар кандай формалары сунушталат. |
| **Жеке менчик сектор менен интеграцияланышы.** | Стажировкалар жана жумушка орноштуруу иш берүүчүлөрдүн катышуусу менен өткөрүлөт, бул жаштардын иш менен камсыз болуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. |
| **Чаралардын ийкемдүүлүгү.** | Ар кандай максаттуу топторду ишке тартууга багытталган кеңири спектрдеги активдүү чаралар сунушталат. Бул ыкма/мамиле ийкемдүүлүк жана адаптация принциптерине негизделген: |

| | |
|---|---|
| | талапкерлердин муктаждыктарына жараша ишке тартуунун ар кандай форматтары жана интенсивдүүлүгү колдонулат. |
| ***Начар жактары:*** | |
| **Программалардын тегиз эмес жайылышы.** | Айрым региондордун программаларга жетүү мүмкүнчүлүгү чектелүү, бул программалардын алыскы айылдарда натыйжалуулугун төмөндөтөт. |
| **Камтуунун чектелиши.** | Иш менен камсыз кылуу программалары аркылуу калкты камтуу колдоого муктаж болгон жарандардын санына салыштырганда чектелүү бойдон калууда. Андан тышкары, инфраструктуранын жана кадрдык потенциалдын жетишсиздиги да байкалууда. |
| **Жарандардын маалымдуулугунун жетишсиздиги.** | Министрликтин жумушка орноштурууга көмөктөшүү кызматтарын көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө жарандардын кабардар болуусунун/ маалымдуулугунун төмөндүгү. |
| **Программалардын кыска мөөнөттүү болушу.** | Стажировкадан же кесиптик окутуудан өткөндөн кийин узак мөөнөт аралыгында колдоонун жок болуп калышы катышуучулардын туруктуу негизде жумушка орношуусуна тоскоолдук түзгөн олуттуу көйгөй бойдон калууда. Бул комплекстүү ыкманын/мамиленин жетишсиз иштелип чыгышы менен байланыштуу. Мында жумушка орноштурууга көмөктөшүү кызматтары программага катышуудан мурун гана эмес, программа аяктагандан кийин да көрсөтүлөт. Мындай комплекстүү колдоо болбосо, айрыкча, жаштарды да камтыган аярлуу топтордун өкүлдөрү кайрадан жумушсуздукка кайтып келүү коркунучу бар. |

# КӨЙГӨЛӨР ЖАНА КЕМЧИЛИКТЕР

**Иштеп чыгуу жаатындагы жетишпегендиктер жана чараларды ишке ашыруу**

1. Иш менен камсыз кылуу боюнча активдүү чаралардын саны жетишсиз экендиги байкалууда, мунун өзү калкты эмгек рыногуна натыйжалуураак жолдо тартууга тоскоолдук түзүп отурат. Убактылуу жумушка орноштуруу же акы төлөнүүчү коомдук жумуштар сыяктуу базалык чаралар гана жүзөгө ашырылууда. Бизнестин жана экономиканын өзгөчө муктаждыктарына ылайыкташтырылган кесиптик кайра даярдоо программалары сыяктуу ийкемдүү жана инновациялык ыкмаларды иштеп чыгуу талап кылынат.

2. Комплекстүү мамиленин/ыкманын жоктугу. Чаралар көп учурда өз алдынча компоненттер — окутуу, стажировка жана консультациялар - катары ишке ашырылат, б.а. муктаждыктарды баалоодон баштап туруктуу жумушка орношууга чейинки талапкерлердин бүткүл сапарын камтыган ырааттуу жана логикалык жактан ылайыкталып түзүлгөн колдоо жок. Мисалы, кесиптик окутуу жана стажировкалар программадан кийинки комплекстүү консультациялык коштоо (жумушка жаңы чыккан учурда коштоо, насаатчылык) уюштурулбайт, бул узак мөөнөттүү жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

3. Жекечелештирүүнүн (жекече мамиле кылуунун) жетишсиздиги. Ар бир адамдын көндүмдөрүн жана тоскоолдуктарын баалоого негизделген жекечелештирилген (жекече мамиле кылуу менен) жумушка орноштуруу траекторияларынын жоктугу байкалууда. Бул айрыкча жаштар, балалуу аялдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар жана мигранттар сыяктуу аярлуу топтор үчүн актуалдуу.

4. Камтуунун жана жеткиликтүүлүктүн чектелүү болушу. Программанын иш жүзүндөгү камтуусу потенциалдык бенефициарлардын санына салыштырганда төмөн бойдон калууда. Андан тышкары, иш менен камсыз кылуу кызматтарын толук кандуу көрсөтүү үчүн инфраструктура

же кадрдык потенциал жетишсиз болгон айыл жергесинде жана алыскы аймактарда кызматтарга жетүү кыйын.

5. Коомчулуктун маалымдуулугунун/ кабардар болуусунун жетишсиздиги. Көптөгөн жарандар, айрыкча жаштар жана аярлуу топтор жумушка орноштуруу чөйрөсүндө мамлекет тарабынан сунушталган мүмкүнчүлүктөр жөнүндө кабардар эмес. Бул жагдай жардамга чындап эле муктаж болгон жарандардын кайрылуусун азайтып, алардын мындай мүмкүндүккө жетүүсүн чектеп коет.
6. Мониторинг жана баалоо системасындагы кемчиликтер. Чаралардын натыйжалуулугун үзгүлтүксүз, көз карандысыз жолдо баалоо жок. Жакшы сапаттагы кайтарым пикир жетишсиз болсо, программаларды тууралоо, ийгиликтүү чечимдердин масштабын кеңейтип жайылтуу же натыйжасыз тажрыйбалардан баш тартуу мүмкүн эмес.
7. Иш менен камсыз кылуу кызматтарын санариптештирүүнүн жетишсиздиги. Заманбап система төмөнкүлөргө мүмкүндүк бере ала тургандай бирдиктүү онлайн платформаны түзүүнү талап кылат:
   - жумушсуз жарандарды жана жумуш издеген талапкерлерди каттоодон өткөрүү.
   - резюмелер менен бош жумуш орундарын автоматташтырылган жолдо салыштыруу
   - консультация алуу, курстарга, стажировкаларга, кесипти багыт берүү/профориентация чараларына катышуу үчүн катталуу.
   - суроо-талапка ээ болгон кесиптер боюнча онлайн-курстар
8. Иш берүүчүлөрдүн жана жеке менчик сектордун катышуусунун чектелүүлүгү. Иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттешүү кээде гана кездешүүчү мүнөзгө ээ. Сейрек учурларда гана стажировка жана окутуу программалары жеке менчик сектор менен тыгыз кызматташтыкта иштелип чыгат, ошентип бул программалардын реалдуу эмгек рыногундагы мааниси төмөндөйт.

**Эмгек рыногундагы активдүү чараларга катышууда кездешкен тоскоолдуктар**

Гендердик айырмачылыктар жаштардын эмгек рыногуна тартылуусунда маанилүү ролду ойнойт. Жаш аялдар консервативдүү диний жана маданий ишенимдеринен кесепетинен улам жумушка орношууда жана иш менен камсыз кылуу программаларына катышууда чоң тоскоолдуктарга дуушарланышат. Ошол себептен, инклюзивдүүлүктү жана бирдей (текши) мүмкүнчүлүктөрдү жогорулатууга багытталган чараларды ишке ашырууну талап кылынат.

Географиялык теңсиздик. Негизги мүмкүнчүлүктөр Бишкекте жана башка ири шаарларда топтолгон, ал эми алыскы аймактардагы жана айыл жергесиндеги жаштардын программалар менен камсыздалышы начар.

Активдүү программаларды каржылоонун чектелүүлүгү. Эмгек рыногундагы активдүү чаралар үчүн ички бюджеттин эсебинен бөлүнгөн каражаттар чектелүү, мындай жагдай аталган чараларды жумуш издегендер үчүн жагымсыз болушуна өбөлгө түзөт жана бул багытта окутуунун жана консультациялык коштоонун сапатын чектейт. Ресурстардын белгилүү бир бөлүгү эл аралык донордук долбоорлордун колдоосунда келип түшөт, натыйжада, бул иш менен камсыз кылуу саясатын улам өзгөрүп турган тышкы шарттарга көз каранды, аярлуу кылып коет.

Институционалдык чектөөлөр. Иш менен камсыз кылуу кызматтарынын аймактык бөлүмдөрү кадрлардын жетишсиздигине дуушарланууда. Белгилей кетүүчү нерсе, активдүү чаралар программаларынын кеңейишине жана квалификациялуу адистердин жетишсиздигине байланыштуу жергиликтүү иш менен камсыз кылуу бөлүмдөрүндө иштеген кызматкерлердин жумуш жүгү көбөйүп отурат. Бул көйгөй райондук иш менен камсыз кылуу борборлорунун деңгээлинде өзгөчө курч сезилет, жумуш жүгүнүн ушундайча көбөйүшү учурда аткарылып жаткан программалардын натыйжалуулугуна жетишүү мүмкүндүгүнө шек келтирет.

Жетишсиз деңгээлдеги координация. Министрликтердин, билим берүү мекемелеринин, иш берүүчүлөрдүн жана бизнес ассоциацияларынын ортосундагы кызматташтык начар уюштурулган. Программалар көбүнэсе пилоттук демилгелер же донорлор тарабынан каржыланган долбоорлор катары ишке ашырылат.

Кесиптик стандарттарды иштеп чыгуу системасынын чачыранды (фрагменттик бөлүнгөн) мүнөзү квалификациялык талаптарды аныктоого карата бирдиктүү мамилени түзүүгө тоскоолдук кылат да, эмгек рыногунда стандарттардын практикалык жактан колдонулушун төмөндөтөт. Бизнес чөйрөсүнүн өкүлдөрү стандарттарды иштеп чыгууга дайыма эле активдүү катыша бербейт же алар буга формалдуу түрдө гана мамиле жасашат, ошондуктан кесиптик стандарттарды иштеп чыгуу муктаждыгы жокко чыгарылат жана актуалдуулугу төмөндөйт.

# ЖЫЙЫНТЫК

Кыргыз Республикасында жаштар калктын кыйла көп бөлүгүн түзөт, ал эми аталган топ үчүн эмгек рыногундагы кырдаал башкы социалдык жана экономикалык көйгөйлөрдүн бири бойдон калууда. Жалпысынан алганда, жаштардын эмгек рыногу боюнча жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, жаш муундун өкүлдөрү жаштардын арасындагы жумушсуздуктун жогорку деңгээли, кесиптик көндүмдөрдүн иш берүүчүлөрдүн талаптарына шайкеш келбестиги жана сапаттуу кесиптик билим алууга жетүү мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендиги менен шартталган олуттуу чакырыктарга (кыйынчылыктарга) дуушар болууда.

Иш менен камсыз кылуунун активдүү чараларынын системасы иш менен камсыз кылуу кызматтарына жана окутуу программаларына кайрылуудан тартып, жумушка орноштурууга түрткү берүүгө жана ишкердикке колдоо көрсөтүүгө чейинки кеңири спектрдеги багыттарды камтыйт. Бирок оң өнүттөгү мисалдарга карабастан, бул чаралардын масштабы жана натыйжалуулугу жаштарды иш менен камсыз кылуу жана аларды жумушка орноштуруу көйгөйүн системалуу деңгээлде чечүү үчүн дагы деле жетиштүү эмес.

Негизги тоскоолдуктар төмөнкүдөй бойдон калууда: тиешелүү кызыкдар мекемелердин ортосундагы координациянын начардыгы; максаттуу топтордун программалардын алкагында камтылуусунун чектелгендиги; каржылоонун туруксуздугу; ошондой эле айыл жергесинин тургундарын жана жаш аялдарды камтыган эң аярлуу жаштардын топтору үчүн кызматтардын жеткиликтүүлүгүнүн төмөндүгү. Мамлекеттик бюджеттин чектелүү болушу иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөктөшүүгө багытталган программалардын туруктуулугуна коркунуч келтирет жана окутуу тармагында иштеген провайдерлердин кызыгуусун төмөндөтөт.

Саясаттын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн бардык кызыкдар тараптардын аракеттерин интеграциялоону күчөтүү, санариптик куралдарды жана инфраструктураны өнүктүрүү, кесиптик окутуу жана стажировка программаларын кеңейтүү жана жаштардын ишкердигине колдоо көрсөтүүнүн туруктуу иштей турган механизмдерин түзүү талап кылынат.

Ошону менен катар эле, активдүү чаралардын натыйжалуулугуна мониторинг жана баалоо жүргүзүү системасын өркүндөтүү, инклюзивдүү ыкмаларды ишке киргизүү жана эмгек рыногунун мүмкүнчүлүктөрүнө жетүүдө кездешкен гендердик жана регионалдык айырмачылыктарды жоюуга өзгөчө көңүл буруу сунушталат. Комплекстүү жана координацияланган ыкма гана эмгек рыногунун туруктуу өнүгүшүн жана жаштардын өлкөнүн экономикалык жашоосуна толук кандуу интеграцияланышын камсыз кыла алат.

**Жаштарды иш менен камсыз кылуу үчүн эмгек рыногундагы активдүү чараларды жакшыртуу боюнча жалпыланган/жыйынтыкталган сунуштар:**

1. Институционалдык координацияны бекемдөө – жаштарды иш менен камсыз кылуу саясатын стратегиялык жактан пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн министрликтердин, билим берүү мекемелеринин жана бизнес чөйрөсүнүн катышуусу менен ведомстволор аралык платформаларды түзүү.

2. Программалардын камтуусун кеңейтүү жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу – жаштардын, айрыкча айыл жергесинин тургундарынын арасында кабардар болууну/маалымдуулукту күчөтүү жана активдүү чараларга алыстан жетүү үчүн мобилдик жана онлайн кызматтарды ишке киргизүү.

3. Узак мөөнөттүк колдоо көрсөтүүгө көңүл буруу – жаш адистерди окутуудан жана стажировкадан кийин консультациялык коштоо программаларын иштеп чыгуу, анын ичинде насаатчылык жана карьералык маселелери боюнча кеңеш берүү.

4. Кесиптик окутуу региональдык өнүгүүнүн стратегиялык приоритеттерине шайкеш келишин камсыздоого багытталышы керек, ошондо эмгек рыногунун муктаждыктарын канааттандыруу менен бирге аймактардын туруктуу негизде өнүгүүсүнө да колдоо көрсөтүлөт.

5. Жеке менчик сектордун ролун күчөтүү – билим берүү программаларын жана стажировкаларды иштеп чыгууга иш берүүчүлөрдү активдүү түрдө тартуу жана жаштарды иш менен камсыз кылуусу үчүн стимулдарды камсыз кылып берүү.

6. Аялдардын ишкердигин жана иш менен камсыз болушун колдоону күчөтүү – гендердик маңыздагы тоскоолдуктарды эске алган жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кыла турган өзгөчө (атайын) демилгелерди иштеп чыгуу.

7. Программалардын финансылык туруктуулугун жогорулатуу – мамлекеттик каржылоонун үлүшүн көбөйтүү, жеке инвестицияларды жана социалдык фонд каражаттарын тартуу механизмдерин түзүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу.

8. Мониторинг жана баалоо системаларын ишке киргизүү – программалардын натыйжалуулугу боюнча үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүп, анын негизинде алынган маалыматтарды иш-чараларды тууралоо жана ийгиликтүү тажрыйбаларды/практикаларды жайылтуу үчүн колдонуу.

9. Иш менен камсыз болуунун жаңы формаларын расмийлештирүү. Платформалык иш, фриланс жана башкалар сыяктуу иш менен камсыз болуунун жаңы формаларын расмийлештирүү улам барган сайын маанилүү болуп саналууда. Бул жумушчулардын укуктарын камсыз кылуу, аларды социалдык жактан коргоо жана иш менен камсыз кылууну мамлекеттик деңгээлде жөнгө салуу системасына киргизүү үчүн зарыл.

10. Жумушчулардын формалдык эмес сектордон расмий секторго өтүшү. Жумушчулардын экономиканын формалдык эмес секторунан расмий секторго өтүшүн камсыз кылуу зор мааниге ээ. Бул биринчи кезекте курулуш, кызмат көрсөтүү, кийим тигүү өндүрүшү, айыл чарбасы жана башка тармактарга тиешелүү. Кыйла сандагы жаштар жана аялдар расмий эмес жумушта иштеп, социалдык кепилдиктерден ажырап отурушат, демек, бюджеттин эсебине келип түшкөн кирешелер да азайып жатат.

11. Окутууга жана кесиптик кайра даярдоого карата заманбап мамилелер. Жарандарды кесиптик окутуу жана кайра даярдоо жаатында заманбап жана инновациялык мамилелерди ишке киргизүү талап кылынат. Мындай ыкмалардын катарына онлайн платформалар аркылуу санариптик окутуу, модулдук программалар, расмий сертификатка ээ болгон микроквалификациялар жана дуалдык окутууну кеңири жайылтуу кирет. Мындан тышкары, практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүү, айрыкча техникалык жана медициналык адистиктерди үйрөнүү үчүн виртуалдык жана толукталган (кеңейтилген) реалдуулук технологияларын колдонуу керек. Жасалма интеллект жана насаатчылык программаларын колдонуу менен жекечелештирилген (жекече мамиле кылуунун негизинде) окутуу жолдору билим алуунун натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөт. Бул ыкмалар жумушсуз жарандардын, эмгек мигранттарынын, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын, жаштардын жана аялдардын квалификациясын жогорулатуу максатында эмгек рыногунун реалдуу муктаждыктарын эске алуусу менен актуалдуу болуп эсептелет.

12. Эмгек процесстерин автоматташтыруу жана санариптештирүү. Эмгек мамилелерин түзүүдө жана иш менен камсыз кылууга көмөктөшүүдө санариптик технологияларды активдүү түрдө ишке киргизүү талап кылынат. Буга кадрларды тандоо процесстерин автоматташтыруу,

жумуш издегендерди санариптик коштоо, эмгек документтерин электрондук форматта жүргүзүү, ошондой эле иш берүүчүлөр жана жарандар үчүн онлайн кызматтарды түзүү кирет. Санариптештирүү эмгек рыногунда көрсөтүлө турган мамлекеттик колдоонун ачык-айкындуулугун, жеткиликтүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатат.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


24.KG. 2024-жылы Кыргызстан 8,6 млн ашык чет элдик туристтерди кабыл алды. Бул жерден караңыз: https://24.kg/obschestvo/331826_v2024_godu_kyirgyizstan_prinyal_bolee_86_milliona_inostrannyih_turistov

24.KG. Жыл башынан бери иш менен камсыз кылуу кызматы 8 миңден ашык кыргызстандыкты жумушка орноштурган. Бул жерден караңыз: https://24.kg/obschestvo/326208_snbspnachala_goda_slujba_zanyatosti_trudoustroila_bolee_8nbsptyisyach_kyirgyizstantsev/

Asianews.KG. Кыргызстанда пилоттук долбоордун колдоосунда 17 стажер жумушка орношту, 13-янв, 2025. Бул жерден караңыз а: https://asianewskg.com/2025/01/13/в-кыргызстане-17-стажеров-получили-работу

Евразиялык экономикалык комиссия (ЕЭК). ЕАЭКте «Чек арасыз иштөө» долбоору ишин баштады. Бул жерден караңыз: https://eec.eaeunion.org/news/proekt-rabota-bez-granic-startoval-v-eaes/

2023-жылдын 4-августунда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Жаштар жөнүндө» мыйзамы. Бул жерден караңыз: https://minculture.gov.kg/ru/npa-v-sfere-molodezhnoy-politiki

Кыргыз Республикасынын «Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» мыйзамы. Бул жерден караңыз: https://zanyatost.kg/Page/PageShow/1023

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» мыйзамы. Бул жерден караңыз: https://mlsp.gov.kg/ru/normativno-pravovaya-baza/

Кабар, Эмгек министрлиги: 2024-жылы республикалык бюджеттен кесиптик багыт берүү үчүн 8,2 млн сом каралган. Бишкек, 27.01.24. Бул жерден караңыз: https://ru.archive.kabar.kg/news/mintrud-v-2024-godu-iz-respublikanskogo-biudzheta-zalozheno-8-2-mln-somov-na-proforientatciiu/

Эмгек министрлиги: АНАЛИТИКАЛЫК ОТЧЕТ «Кыргыз Республикасындагы жаштардын эмгек рыногун изилдөө», 2025-ж. Бул жерден караңыз: https://mlsp.gov.kg/ru/otchet/

Эмгек министрлиги: 2024-жылы республикалык бюджеттен кесиптик багыт берүү үчүн 8,2 млн сом каралган. Бул жерден караңыз: https://mlsp.gov.kg/ru/2024/01/29/mintrud-v-2024-godu-iz-respublikanskogo-byudzheta-zalozheno-82-mln-somov-na-proforientacziyu/

Эмгек министрлиги: Эмгек министрлиги иш менен камсыз кылуу жаатында эң активдүү иш алып барган региондорду белгилеп атады. Бул жерден караңыз: https://mlsp.gov.kg/ru/2025/08/01/v-mintruda-nazvali-samye-aktivnye-regiony-v-sfere-trudoustrojstva/

Эмгек министрлиги: 8,4 миңден ашык адам убактылуу жумуш менен камсыз болду. Бул жерден караңыз: https://mlsp.gov.kg/ru/2025/08/01/mintrud-bolee-84-tysyach-chelovek-obespecheny-vremennoj-rabotoj/

Эмгек министрлиги: «Аракетчил» долбоорунун алкагында 3,5 миңден ашык жаш жарандар эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон кесиптер боюнча окуудан өттү. Бул жерден караңыз: https://mlsp.gov.kg/ru/2022/12/26/bolee-35-tys-molodyh-grazhdan-obucheny-vostrebovannym-professiyam-i-podgotovleny-k-rynku-truda-v-ramkah-proekta-araketchil/

Эмгек министрлиги: Санарипттештирүүнүн алкагында 255 жумуш орду түзүлдү. Бул жерден караңыз: https://mlsp.gov.kg/ru/2024/03/04/mintrud-v-ramkah-czifrovizaczii-sozdano-255-rabochih-mest/

Эмгек министрлиги: Эмгек министрлиги эмгек рыногунда жаштарды иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү үчүн жаңы чараны киргизип жатат. Бул жерден караңыз: https://mlsp.gov.kg/ru/2024/02/20/mintrud-vvodit-novuyu-meru-sodejstviya-zanyatosti-molodezhi-na-rynke-truda/

Эмгек министрлиги: Министрлик менен «Enactus Кыргызстан» жаштарды жашыл жана санариптик технологиялар боюнча биргелешип окутат. Бул жерден караңыз: https://mlsp.gov.kg/ru/2024/08/23/mintrud-i-enactus-kyrgyzstan-budut-vmeste-obuchat-molodezh-zelenym-i-czifrovym-tehnologiyam/

КР Улуттук статистика комитети. Бул жерден караңыз: https://www.stat.gov.kg/

2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы. Бул жерден караңыз: https://www.gov.kg/files/news/froala/d0d92a4f1e52345a4e0bb0570f58b41290374e75.pdf

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-майындагы «Кыргыз Республикасынын 2040-жылга чейинки демографиялык саясатынын концепциясын бекитүү жөнүндө» токтому. Бул жерден караңыз: https://www.gov.kg/ru/npa/c/provisions

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө» токтому. Бул жерден караңыз: https://www.gov.kg/ru/npa/c/provisions

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-октябрындагы «2020–2030-жылдарга карата Жаштар саясатынын концепциясын бекитүү жөнүндө» токтому. Бул жерден караңыз: https://www.gov.kg/ru/npa/c/provisions

Кыргыз Республикасынын Туруктуу өнүгүү максаттарынын көрсөткүчтөрү. Бул жерден караңыз: https://sustainabledevelopment-kyrgyzstan.github.io/8-6-1/

2021-2040-жылдарга карата Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча 2021-2023-жылдар үчүн каралган иш-аракеттер планы. Бул жерден караңыз: https://online.toktom.kg/NewsTopic/6443

REPORT.KG. Жалал-Абадда жаңы адистиктерге бир да абитуриент документ тапшырган жок. Бул жерден караңыз: https://report.kg/obrazovanie/52762-v-zhalal-abade-na-novye-specialnosti-ne-podal-dokumenty-ni-odin-abiturient.html

«КЫРГЫЗСТАН ЦИФРАЛАРДА» статистикалык жыйнагы, 2025-ж. Бул жерден караңыз: https://www.stat.gov.kg/ru/publications/

«Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер 2019-2023» статистикалык жыйнагы. Бул жерден караңыз: https://www.stat.gov.kg/ru/publications/

«Калкты иш менен камсыз кылуу жана жумушсуздук» статистикалык жыйнагы, 2023-ж. Бул жерден караңыз: https://www.stat.gov.kg/ru/publications/

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 10-июнундагы «2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө» Жарлыгы. Бул жерден караңыз: https://president.kg/ru/news/22?page=3

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январында бекитилген «Мамлекеттик жаңы кадр саясаты жөнүндө» Жарлыгы. Бул жерден караңыз: https://president.kg/ru/news/21?page=1

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 2-февралында бекитилген «2023-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында кадрларды өнүктүрүү жана калыптандыруу боюнча мамлекеттик стратегияны бекитүү жөнүндө» Жарлыгы. Бул жерден караңыз: https://president.kg/ru/news/21?page=1